# ПЕДАГОГИКА ЖАНА ПСИХОЛОГИЯ

# ПЕДАГОГИКА И ПСИХОЛОГИЯ

# PEDAGOGY AND PHYCOLOGY

*Султанкулов. Д.И.*
*Кыргызская Академия Образования*

## БИЛИМ БЕРҮҮНҮ БАШКАРУУНУ МОДЕРНИЗАЦИЯЛОО

## МОДЕРНИЗАЦИЯ УПРАВЛЕНИЕ ОБРАЗОВАНИЕ

*Sultankulov D.I.*

## MODERNIZATION OF MANAGEMENT EDUCATION

***Аннотация:*** *мамлекетибиздин өнүгүү стратегиясы алгач ар бир инсандын мезгилге карата өзгөрө баштагандыгына, аң-сезиминин деңгээлине жана ошол жаңылануу мезгилиндеги жалпы коомдун өнүгүү процессинин жүрүшүнө байланыштуу жана мыйзам ченемдүү. Андыктан жаңы багытка карата адамдардын түшүнүктөрү, дүйнөгө болгон илимий көз караштары да бурулуп, өзгөрүшү табигый зарылдык. Себеби, коомдогу экономикалык, саясий, социалдык маселелерди жана мамлекетттин өнүгүүсүнүн жаңы стратегиялык программасын түзүү үчүн биринчи кезекте билим берүүнү башкарууга приоритет берилип, аңдан соң ошол илимий билимдин жана илимий көз караштын негизинде билим берүүнү колго алыш мезгил талабы. Анткени билим-бул өнүгүүнүн багытын көрсөтүүчү компас жана анын жалгыз гана кыймылдаткыч күчү.*

***Аннатация:*** *стратегия государства первый очередь зависит от уровня сознания личности молодежи и их стремления к изменениям развития общества. Для того чтобы процесс развитие общества ускорилось, конечно общечеловеческие понятия, мировоззрения должны так же изменяться к новому пути обновления развития общества. Это эстественно – закономерный процесс. По этому решить социально-экономические, политические задачи общества и стратегические проблемы государства, должна дать приоритет к знанию и современному управлению образования. Прежде всего дать фундаментальные научные знания и основы научного мировоззрения молодежи это требование времени. Знания – это указатель развития государства, как компас и движущая сила научно-технического прогресса.*

***Annotaciya:*** *strategy of the state first ochered depends on the level of consciousness of personality of young people and them to aspiration of changes to development of society. In order that process development of society accelerated, certainly obschecheloveskoe concepts, world views must similarly will change to the new way of update of development of society. It estestvenno is an appropriate process. On it to decide the socio-economic, political tasks of society and strategic problems of the state to give priority to knowledge and modern management ...*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *педагогикалык кызматташтык, билим берүүдөгү рыноктук мамиле, модернизация, жаңы нук, башкаруу ж.б*

***Ключевые слова:*** *педагогическое сотрудничество, рыночное отношение в системе образования, модернизация, новое направление, управление и т.д.*

***key concepts:*** *pedagogical collaboration, market relation in the system of education, modernization, new direction, management et cetera.*

Мамлекетибиздин өнүгүү стратегиясы өзгөрө баштагандыгына байланыштуу саясий, экономикалык-социалдык маселелер жаңы технологиялардын, метод-ыкмалардын, мамилелердин негизинде жаңы нукка бурулушу жана өнүгүү жолуна түшүшү тийиш.

Ал эми бул процесс алгач ар бир инсандын аң-сезиминин деңгээлине жана ошол жаңылануу мезгилиндеги жалпы коомдун өнүгүү процессинин жүрүшүнө байланыштуу жана мыйзам ченемдүү. Андыктан жаңы багытка карата адамдардын түшүнүктөрү, дүйнөгө болгон илимий көз караштары да бурулуп, өзгөрүшү табигый зарылдык. Себеби, коомдогу экономикалык, саясий, социалдык маселелерди жана мамлекетттин өнүгүүсүнүн жаңы стратегиялык программасын түзүү үчүн биринчи кезекте билим берүүнү башкарууга приоритет берилип, аңдан соң ошол илимий билимдин жана илимий көз караштын негизинде билим берүүнү колго алыш мезгил талабы. Анткени билим-бул өнүгүүнүн багытын көрсөтүүчү компас жана анын жалгыз гана кыймылдаткыч күчү. Ошондуктан коомдогу мындай өзгөрүш өзгөчө жаштардын дүйнөгө болгон көз караштарын жаңы заманга карата жаңы нукка буруу менен, аларды илимий билим менен куралдандырып мамлекеттин өнүгүүсүн

айкын системага салуу милдети турат. Ал эми мезгилге жараша жаңы көз караштардын пайда болушу жаштарга, коомго, табияттын өнүгүү мыйзам ченемине экономикалык, социалдык процесстерге мамилени өзгөртүү актуалдуулугу бышып жетилди.

Ф. Тейлор (1856-1915) өлкөнү өнүктүрүү үчүн билим берүүнү башкарууну илимий негизде уюштурууну баса белгилеген. Анын ичинен биринчи орунда билим берүү мекемелеринин ишмердүүлүгүн уюштуруунун эффективдүүлүгүнө жетишүү маселеси маанилүү экенине токтолгон. Мындан, мамлекеттин өнүгүү процессин ылдамдатуу үчүн ошол эле мамлекеттин билим берүүгө көңүл борборун буруу менен билим берүүнү мезгилге шайкеш жаңыча башкарууга, реформалоого, модернизациялоого туура келип жатканын түшүндүрөт. Себеби илимий негиздүү билим болбосо коомду өнүктүрүү, өзгөртүү деген утопия. Билим берүүнү туура илимий негизде оптималдаштырып уюштуруп-жүргүзүп башкаруу менен мамлекеттин өнүгүүсүн даңгыр жолго салууга болот, - дейт Ю.К.Бабанский. Бул илимий билим, илимий көз караштар: мамлекеттин өнүгүүсүн камсыз кылат. Бул - билим берүүнү башкаруунун илимий негизи аны турмушка ашыруу зарылдыгын шарттайт, - деген ой-максатты түшүндүрүп жатат. Анткени, билим берүүнү башкаруу – илимий негизи бар билимге гана таянат. Андыктан, мамлекетти өнүктүрүү үчүн кечиктирбестен билим берүүнү, тарбиялоону жаңыча, ийкемдүү башкарууга тийишпиз.

Башка ишкана, өндүрүштөр сыяктуу эл билим берүүгө да рыноктук башкаруунун ийкемдүү элементтерин киргизүү учурдун талабы, - деп ойлойм. Анткени, азыр да билим берүүнү уюштуруу, башкаруу эски советтик доордогу башкаруу системасы менен келе жатат. Учурда бардык өндүрүштүн тармактары кандайдыр бир деңгээлде рыноктук системага өтүп жатышат. Ал эми билим берүү тармагынын жогорку эшалонунда ушул убакытка чейин реформа жүргүзүү боюнча эч кимде конкреттүү ой-максат болбой келди. Реформа дегенде эле билим берүү мекемелерин реорганизациялоону түшүнүп келе жатабыз. Реформалоо, модернизациялоо дегендерди окутуу-тарбиялоонун ич жагынан баштообуз керек эле, а биз сырткы түзүлүштөн, формадан баштап келатабыз. Баштаганда да сабактардын, тарбиялык иштердин ички дүйнөсүн терең, мезгилге шайкеш жаңы багытка буруу милдетин ойлонбой жатабыз. Турмуш реформаны чиновниктер жасабаарын, реформаны мугалим менен окуучу жасаарын далилдеди. Андыктан кайра эле мугалимди тапташ зарылдыгын моюнга алуу керектигин мезгил айкындап койду.

Мектепте алгач башкаруунун инновациялык жагдайы кабыл алуу, түзүү, уюштуруу, турмушка ашырууну колго алуу керек, - дешет белгилүү мектеп директорлору В.Караковский, Л. Новикова, Н.Селиванова жана Э.Соколовалар. Ал үчүн биринчи кезекте финансылык, материалдык – техникалык базаларды жана педколлективде психологиялык-мотивациялык климатты, педагогикалык демилгелүүлүккө жетишүүнү белгилешет.

Билим берүүдө рыноктук системанын (педагогикалык кызматташтык) зарылдыгы: билим берүүнүн жүрүшүн, анын сапатын, рынок өзү көзөмөлдөйт, коррупцияны жоюуга өзүнөн-өзү эле мүмкүнчүлүк ачылат. Таалим-тарбия берүүдө мугалимдер ортосунда атаандаштык (конкуренция) түзүлөт, ата-энелердин жоопкерчилиги артып, акыр аягында билимдин кимге кереги бар экенин коомчулук да аргасыз түшүнүүгө туура келет. Азыркы кезде Кыргызстанда эле билимдин баалуулугун түшүнгөн айрым ата-энелер 3000ге чейин америка долларын төлөп балдарын Түрк лицейлерине окутуп жатышат.

Ачуу чындыкты айтсак: элдин көпчүлүгү бакубат жашап жатканда, мамлекет кризисте турганда, мугалимдердин айлык акылары жетишпей кыйналып жатканда, эмне үчүн ата-энелер акы төлөп окутпашы керек? Окуучунун билиминин сапаты мамлекетке эле керекпи? Эмне үчүн мамлекет балдарды окутуу үчүн мугалимдердин айлык акысын жалгыз мамлекет гана каржылашы тийиш? Эртең эле билимдин ыраатын ата-энелер өздөрү көрүшөөрү жалганбы? Эми, сөз чындыгы: каржысы чектелүү мамлекетти тытып жешибиз керекпи? Ансыз да өз мезгилинде айрым шылуундарыбыз кызарган жерлерин талап-булап кетишпеди беле. Туура, калыстык үчүн айтайын: мамлекет ушу кыйын шартта мектеп куруп, алардын материалдык базасын түзүп бергени жетишет го. Мисал катары: Албетте, бардык ата-энелер 100% баласына каржы төлөп окута алышпайт. Алар үчүн чоң мектептерде, мисалы: жергиликтүү шартка ылайык ата-энелер паралел класстарда каржылоо деңгээлин аныктап, үч категорияга бөлүп мүмкүн бирөөсүн каржылоого каражаты жок ата-энелер үчүн бир социалдык класс ачуу зарылдыгы болоор. Ал социалдык классты мамлекет каржылашы керек, - деп түшүнөм. Бирок, алардын ата-энеси да балдарынын келечегин ойлонушу тийиш, биз аларды да рыноктун тартибине үйрөтүүбүз керек. Ал эми жетим балдарды, атайын мектептерди мамлекет каржылашы калетсиз. Калган класстардын окуучулары акы төлөшүп окушу керек - деген пикир бар. Албетте, бул жеке пикир болгону менен азыр коомду ойлонтуучу маселе. Кичи мектептер үчүн бардык эле класстарды ылайыгына жараша

ата-энелер каржылашы керек, - деп ойлойм. Качан гана чөнтөккө кол салганда билим эртерээк баалуу болоору белгилүү. Мындай шартта ата-эне, коомчулук тараптан көзөмөлдүн күчөшү табигый нерсе болуп калат. Албетте, бул сырткы рыноктук мамиле өздөшүүнүн сапатына да таасирин тийгизет.

Азыркы кезде мугалимге айлык акынын аз, мезгилге ылайык төлөнбөй жатканы баарыбызга белгилүү. Бул проблема да качан билим берүү тармагы рыноктук системага өткөндө өзүнөн өзү чечилээр эле. Мугалим үчүн мамлекет кара жанын карч уруп каржы издемек эмес. Билим берүү өзүн-өзү каржылоого өтмөкчү. Бул багытта жаныбызда турган Түрк лицейлеринен тажырыйба алсак болоор эле. Албетте, бидин мектептердеги каржылоо Түрк лицейлерине салыштырмалуу үчтөрт эсе төмөн болушу учурда зарылдыр. Албетте, ар жаңы окуу жылында мектеп жетекчилери ата-энелер, мугалимдер келишип финансылык каржылоону өздөрү чечүүсү максатка ылайык болоор эле.

Кыргызда “бекердин тузу татыбас” деген кеп бар, - ал төгүн кеп эмес. Качан ата-эненин чөнтөгүнө кол салганыбызда гана алар ойлоно баштайт. Мындай шартта билим да товарга айланмакчы. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын №45 беренесинде билим берүү бекер деген социалисттик көз караштан кутулуубуз керек. Билим берүүнү мамлекет жана ата-энелер каржылашат деген сыяктуу бир бүтүмгө келишибиз тийиш. Азыркы учурда жогоркудай “бекер” деген түшүнүк жашап жатканда билимдин сапаты кайдан болсун.

Арийне, бул реформа айыл ата-энелери менен кайчы пикирлерди, тирешүүлөрдү, чоң карама-каршылыктарды жаратат. Бирок, бул багытта түшүндүрүү, күрөшүү болмоюн билим берүүдө алга жылыш мүмкүн эмес, - дээр элем. Албетте, Конституцияда билим берүү бекер деп жазылып турбайбы, мындай шумдукту кимдер баштап жатышат деген кеп-сөздөр, кыйкырыктар көп болот. Андай каржылабаган, мүмкүнчүлүгү жок, чыр-чатак салчу ата-эне балдарын социалдык класстарга окутушсун. Албетте, ал ызы-чуу, кыйкырыктардан коркпошубуз керек. Ызы-чуу, кыйкырыксыз өзгөрүү, өнүгүү болбойт. Ал табигый иш. Бирок, ал тоскоолдуктарды жеңишибиз турмуштук адилеттүүлүк болот. Алгач бул каржылоо маселесин жаңы депутаттар аркылуу конституциядагы билим берүү бекер, - деп жазылган №45 берененин экинчи бөлүмү боюнча Жогорку Кеңеште талкууланып мыйзам кабыл алынып чечилиши тийиш. Азыр ансыз деле мектептерде (шаарда) каражат чогултулуп жатпайбы, ага шаардын ата-энелери мурун эле көнүп калган. Муну мыйзамдаштырып эле аягына чыгаруу зарыл. Ызы-чуу айылдарда гана болоору чындык бирок, аларды да турмуш түшүндүрөт. Билим берүүдө ушундай радикалдуу кадамга барбасак, билим берүү өнүкпөйт. “Сен мага тийбе, мен сага тийбейм” позициясы жакшылыкка алып барбайт, алып барган да эмес. Бу турмуш эчак далилдеген, жазылбаган мыйзам.

<u>Биринчи кадам</u>: Албетте, бул реформаны баштоодон мурун коомдук аң-сезимди жаңы багытка буруу максатында бардык массалык маалымат каражаттары аркылуу реформанын идеологиясын жүргүзүү; Бардык кыйынчылыктарга карабастан, ата-энелерди ынандыра ала турган компетенттүү адистер менен республиканын жети облусуна барып, жер-жерлерде мугалимдер, коомчулук менен түшүндүрүү иштерин ишке ашыруу;

<u>Экинчи кадам</u>: билим берүүнүн философиясын жаңы заманга ылайыктап модернизациялоо; мугалимдердин билимин жогорулатууну мезгил талабына шайкеш келтирүү; ЖОЖдордо педагогикалык кадрларды даярдоодо теория менен практиканын эффективдүү айкалышына жетишүү; жаңы форма, жаңы мазмунда педпрактиканы уюштуруу;

<u>Үчүнчү кадам</u>: билим берүүнүн жаңы мамлекеттик стандартын мезгил талабына ылайык иштеп чыгуу; мектептин окуу-материалдык, лабораториялык-практикалык базасын чыңдоо; билим берүүнүн педагогикалык кызматташтыктын технологияларын мезгилге шайкеш эффективдүү пайдалана билүүгө жетишүү;

Өкмөт экономикалык, социалдык процесстерди башкаруунун проблемаларын чечүү үчүн айрыкча билим берүү тармагынын өнүгүп жаңы багытка түшүшүнө, реформа ишинин башталышын көзөмөлдөп, көмөкчү болушу тийиш.

**Адабияттар:**

1. Ш.А. Амонашвили «Школа жизни» (м.: издательский дом Шалвы Амонашвили, 1998)
2. Ю.К. Бабанский Оптимизация процесса обучения. М.1977
3. С.О.Байгазиев "XXI кылымдын мугалиминин милдети - инсан жаратуу". Б. 2013
4. И. А. Василенко "Административно-государственное управление в странах запада: США, Великобритания, Франция, Германия". М. 2013
5. С.П. Капица, С.П.Курдюмов., Г.Г. Малинецкий.«Синергетика и прогнозы будущего». 2003.
6. Конституция Кыргызсой Республики 20011
7. Э. Мамбетакунов. Физиканы окутуу теориясы жана практикасы. - Б. Педагогика. 2002
8. А.В. Оболонский. Бюрократия: в поисках новой модели (Эволюция теории и практики государственного управления в последние десятилетия). Общественные науки и современность. 2014. № 3. С. 5-22.

9. Шерипов, Н. Т. Государственная гражданская служба Кыргызской Республики (административно-правовое исследование): автореферат диссертации на соискание ученой степени доктора юридических наук
10. В.Ф. Штаталов. Куда и как исзчезли тройки. М. 1979.
11. В.Ф. Штаталов. Педагогическая проза. М. 1988.